| ЧҮЙ ОБЛУСУНУН ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН ЫСЫК-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫСЫК-АТА АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЫСЫК-АТА ЫСЫК-АТИНСКОГО РАЙОНА ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ |
|---|---|---|

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезектеги XV (он бешинчи) сессиясы

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2026-жылдын 06-февралы №72/ XV -29** **Алмалуу айылы**

**Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинин аткарылышы жана 2026-жылга карата бюджетин бекитүү, Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн аппаратынын жана "Маданият" бөлүмүнүн штаттык жүгүртмөлөрүн бекитүү, Ысык-Ата МИна ыйгарым укуктагы кызматкерлерине акча каражатын которууга жана субсидия берүүгө макулдук берүү, Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата социалдык-экономикалык өнүгүү программасын жана 2027-2028-жылдарга бюджеттин божомол прогнозун бекитүү жөнүндө**

"Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинин аткарылышы жана 2026- жылдын бюджетин, Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн аппаратынын жана "Маданият" бөлүмүнүн штаттык жүгүртмөлөрүн бекитүү, Ысык-Ата МИна ыйгарым укуктагы кызматкерлерине акча каражатын которууга жана субсидия берүүгө макулдук берүү, Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата социалдык-экономикалык өнүгүү программасын жана 2027-2028-жылдарга бюджеттин божомол прогнозун бекитүү жөнүндө", Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 102 беренесине ылайык кезектеги маселе боюнча айылдык Кенештин каржы жана бюджет боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Р.Итибаева билдирет:

2025-жылдын бюджеттик эсеп счетунан калган калдык 3969900 (үч миллион тогуз жүз алтымыш миң тогуз жүз) сомду жана атайын эсеп счетунан калган калдык 7190 (жети миң бир жүз токсон) сомду түздү. Айыл өкмөтүнүн 2026-жылга түзүлгөн бюджеттин долбоорунун киреше бөлүгү 27244900 (жыйырма жети миллион эки жүз кырк төрт миң тогуз жүз) сомду түзүп, анын ичинде бюджеттик эсеп кирешеси 11786800 (он бир миллион жети жүз сексен алты миң сегиз жүз) сомду, атайын эсеп кирешеси 20000 (жыйырма миң) сом, теңдөөчү трансферти 15458100 (он беш миллион төрт жүз элү сегиз миң бир жүз) сомду түзөт.

| | |
|---|---|
| Айыл өкмөтүнүн аппараты | 10328,1 |
| Коомдук тартип | 90,0 |
| Жайыт комитети | 630, 0 |
| ТЖКЧ (ЖКХ) | 9205,8 |
| Маданият: | 2970,5 |
| Китепкана | 1457,8 |
| Клуб | 1512,7 |

| | |
|---|---|
| Социалдык коргоо | 800,5 |
| Орто билим берүү | 2981,4 |
| Мектепке чейин билим берүү | 218,6 |
| Анын ичинен: | |
| Тендөөчү грант | 15458,1 |
| Өздүк киреше | 11786,8 |
| Атайын эсеп боюнча | 20,0 |
| **Баардыгы** | 27244,9 |

Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн калкынын саны 6207 адамды түзөт.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 102 беренесинин негизинде 2025-жылдын бюджетинин долбоорун карап талкуулап чыгып, Ысык-Ата айылдык Кенеши токтом кылат:

1. Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бардык бөлүмдөрү боюнча түзүлгөн бюджетинин долбоорунун киреше бөлүгү 27244900 (жыйырма жети миллион эки жүз кырк төрт миң тогуз жүз) сом, чыгаша бөлүгү 27244900 (жыйырма жети миллион эки жүз кырк төрт миң тогуз жүз) сомго бекитилсин;

2. 2025-жылдын бюджетинин аткарылышы 25822100 (жыйырма беш миллион сегиз жүз жыйырма эки миң бир жүз) сомго бекитилсин;

3. “Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат” жөнүндө” 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №52 токтомунун негизинде айыл өкмөтүнүн аппаратынын штаттык бирдиги 2026-жылга карата төмөнкү курамда түзүлсүн: айыл өкмөтүнүн башчысы 1 (бир), орун басар-жооптуу катчы 1 (бир), социалдык-экономикалык өнүгүү бөлүмүнүн башчысы 1 (бир), башкы адис-3 (үч) (киреше жана чыгаша боюнча башкы адиси, жер жана турак-жай, муниципалдык менчик, өзгөчө кырдаал боюнча башкы адиси, мамлекеттик сатып алуу боюнча башкы адиси), жетектөөчү адис -2 (эки) (социалдык суроолор боюнча жетектөөчү адиси, чыгаша жана материалдык баалуулуктар боюнча жетектөөчү адиси), адис-1 (бир) (социалдык -экономикалык өнүгүү жана инвестиция тартуу боюнча адиси). Контракт менен алынуучу адистер 6 (алты) бирдик: -айыл башчы 5 (беш) бирдик, экономист-статист-1 (бир) бирдик, жер жана турак-жай, муниципалдык менчик боюнча адиси -1 (бир) бирдик, паспорттук столу-ЖТБ-1 (бир) бирдик. ТТК/КТК боюнча 3 (үч) бирдик: иш кагаздарын алып баруучу секретарь-архив кызматы 1 (бир) бирдик, электрик-суучул-1(бир) бирдик, жууп тазалоочу 1 (бир) бирдиктери бекитилсин жана Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык тийиштүү айлык акылары жана төлөмдөрү штаттык ыраатманын негизинде төлөнүп берилсин;

4. “Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 38-беренесинин 1-пунктусуна ылайык 2026-жылга карата айылдык кенешинин жооптуу катчысы 1 (бир) бирдиги бекитилсин жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 Жарлыгынын негизинде тийиштүү айлык акылары жана төлөмдөрү штаттык ыраатманын негизинде төлөнүп берилсин;

5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 токтомунун негизинде маданият тармагындагы китепканалар бөлүмү боюнча 2026-жылга карата 4 (төрт) штаттык бирдиги бекитилсин жана айлык акылары штаттык ыраатманын негизинде төлөнүп берилсин. (Алмалуу айылында китепкана башчысы 1 бирдик, Тогуз-Булак айылында китепкана башчысы 1 бирдик, Үч-Эмчек айылында китепкана башчысы 1 бирдик, Карагай-Булак айылында китепкана башчысы 1 бирдик) жана от калоочу 2 (эки) штаттык бирдиги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 01-августундагы №433 токтомунун негизинде 1,2 коэффициэнти менен бекитилсин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтомунун негизинде 30% ден соолукка зыян келтирүү боюнча кошумча төлөм төлөнсүн.

6. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 токтомунун негизинде маданият тармагындагы клуб бөлүмү боюнча 2026-жылга карата 4

штаттык бирдиги бекитилсин жана айлык акылары штаттык ыраатманын негизинде төлөнүп берилсин. (Алмалуу айылында клуб башчысы 1 бирдик, Тогуз-Булак айылында клуб башчысы 1 бирдик, Карагай-Булак айылында клуб башчысы 1 бирдик) жана клуб бөлүмүнө спорттук инструктор 1 (бир) штаттык бирдиги бекитилсин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 01-августундагы №433 токтомунун негизинде айлык акылары (он эки айлык акысы) төлөнүп берилсин;

7. Ысык-Ата айыл өкмөтүнө караштуу "Ысык-Ата" МИна ыйгарым укуктагы кызматкерлерине (айдоочу 2бирдик, кароолчу 1 бирдик) 324000 (үч жүз жыйырма төрт миң) сом акча каражатын которууга жана 280000 (эки жүз сексен миң) сом акча каражатын субсидия катары которуп берүүгө макулдук берилсин;

8. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 24-беренесинин негизинде Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн резервдик фонду 250000 (эки жүз элү миң) сом өлчөмүндө бекитилсин;

9. Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн бюджетинен 4390000 (төрт миллион үч жүз токсон миң) сом акча каражаты, кайрылуулардын негизинде төмөндөгүлөргө бөлүнсүн;

- Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн кызматтык автоунаасына айына 300л.*75 (жетимиш беш) сомдон 12 айга 3600л. жалпысынан 270000 (эки жүз жетимиш миң) сом акча каражаты каралсын;
- Аймактык тескөөчүлөргө айына 100л.*75 (жетимиш беш) сомдон 12 айга 1200л. жалпысынан 90000 (токсон миң) сом акча каражаты каралсын;
- Карагай-Булак айылынын, Четинди көчөсүнүн 1,5 км жолун асфальт басууга долбоор тапшырууга, өздүк салымы катары 1200000 (бир миллион эки жүз миң) сом каралсын;
- Ысык-Ата айыл аймагына караштуу Жогорку Ичке-Суу айылына күндүн нуру менен жарыктандырылуучу жол чырак мамычасы менен сатып алууга 385000 (үч жүз сексен беш миң) сом , Таш-Башат айылына күндүн нуру менен жарыктандырылуучу жол чырак сатып алууга 250000 (эки жүз элү миң) сом, жана Үч-Эмчек айылына күндүн нуру менен жарыктандырылуучу жол чырак алууга 70000 (жетимиш миң) сом, жалпысынан 700000 (жети жүз миң) сом каралсын;
- Таш-Башат, Карагай-Булак жана Тогуз-Булак айылдарына ичүүчү таза суусуна задвижка алууга 60000 (алтымыш миң) сом каралсын;
- Алмалуу айылынын Ч.Түлөбердиев көчөсүнүн 600 метр жолун асфальт басууга долбоор тапшырууга, өздүк салымы катары 1000000 (бир миллион) сом каралсын;
- Алмалуу айылынын Ч.Түлөбердиев көчөсүнүн 600 метр жолун асфальт басууга долбоор тапшырууга, өздүк салымы катары 1000000 (бир миллион) сом каралсын;
- Ө.Жакишев атындагы ЖББО мектебинин терезелерине темирден тосмо орнотууга 300000 (үч жүз миң) сом жана көмүрканага кошуп темирден навес курууга 300000 (үч жүз миң) сом, жалпысынан 600000 (алты жүз миң) сом каралсын;
- Тогуз-Булак айылында жайгашкан 10 сааттык бала бакчага келе турган 3 тайпалык балдардын тамактануусуна 140000 (жүз кырк миң) сом жана чарба буюмдарына 30000 (отуз миң) сом, жалпысынан 170000 (жүз жетимиш миң) сом каралсын;
- Ысык-Ата айыл аймагында , Нооруз майрамына карата ат чабыш оюндарын өткөрүүгө 100000 (жүз миң) сом каралсын;
- "Чүй облусунун 100 жылдыгына" арналган салтанаттуу иш-чарасын өткөрүүгө 200000 (эки жүз миң) сом каралсын;

10. 2025-жылдан калган бюджеттик эсеп боюнча калдык 3969900 (үч миллион тогуз жүз алтымыш тогуз миң тогуз жүз) сом өлчөмүндө бекитилсин жана төмөндөгүдөй сарпталсын:

- 300000 (үч жүз миң) сом акча каражаты 2025-жылдагы жарыяланган №25123154563832З конкурсунун негизинде Ш.Рахманов атындагы ЖББО мектебинин жылытуу системасын ондотууга караласын;

- 520000 (беш жүз жыйырма миң) сом акча каражаты 5 мектепке 2025-жылдагы келишимдин негизинде камера орнотууга каралсын;

- 150000 (жүз элү миң) сом акча каражаты тез жардам кызматынын бөлмөсүнө керектүү эмеректерди, компьютер (комплект) жана принтер (3в1), материалдарды (ленолиум) ж.б. керектүү каражаттарды сатып алууга жана кезектеги оңдоого каралсын;

- 400000 (төрт жүз миң) сом акча каражаты Ысык-Ата айылдык Кеңешинине жана Ысык-Ата айыл өкмөтүнө керектүү эмеректерди, түстүү принтер, видеокамера, жалюзи, диктафон, стенд, ленолеум ж.б. керектүү каражаттарды сатып алууга каралсын;

- 1000000 (бир миллион) сом акча каражаты Ысык-Ата айыл аймагында жайгашкан ҮБДТ жана ФАПтарга керектүү материалдарды, эмеректерди, жабдууларды, чарба буюмдарын ж.б. сатып алууга жана имараттарды ондоого каралсын;

- 316400 (үч жүз он алты миң төрт жүз) сом акча каражаты аппарат кызматкерлерине жана Ысык-Ата айылдык Кеңешинин жооптуу катчысына айлык акылары аз болгондугуна байланыштуу шыктандыруу максатында премия катары каралсын;

- 100000 (жүз миң) сом акча каражаты материалдык жардам катары (кредиттик карыз) каралсын;

- 203300 (эки жүз үч миң үч жүз) сом акча каражаты 2025-жылдын кошумча келишиминин негизинде Карагай-булак айылынын борбордук көчөсүнө асфальт басуу боюнча долбооруна ылайык битум төгүүгө жумуш иши аткарылгандыгы боюнча актысынын негизинде (кредиттик карыз) каралсын;

- 878200 (сегиз жүз жетимиш сегиз миң эки жүз) сом акча каражаты Ысык-Ата айыл аймагындагы айылдардын жолдорун оңдоого, кум шагыл төгүүгө, ГСМ сатып алууга жана тийиштүү жумушуна каралсын;

- 102000 (жүз эки миң) сом акча каражаты калкты каттоо боюнча кызматкерлеринин чыгымдарына каралсын;

11. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча агенттигинин 2022-жылдын 13-январынын № 4 буйругунун негизинде Ысык-Ата айылдык Кенешинин төрагасынын бир жолку төлөмү 10300 (он миң үч жүз) сомго жана соц. фондго төлөмү 1800 (бир миң сегиз жүз) сомго бекитилсин;

12. Жергиликтүү бюджеттин 2027-жылга карата киреше жана чыгаша бөлүгү 24000700 (жыйырма төрт миллион жети жүз) сомго, анын ичинен тендөөчү грант 1218000 (бир миллион эки жуз он сегиз миң) сомго, 2028-жылга карата киреше жана чыгаша бөлүгү 24210400 (жыйырма төрт миллион эки жуз он миң төрт жүз) сомго, анын ичинен тендөөчү грант 1218000 (бир миллион эки жүз он сегиз миң) сомго бекитилсин;

13. Жогорудагылардын негизинде Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү программасы бекитилсин.

14. Бул токтомдун аткарылышы каржы жана бюджет боюнча туруктуу комиссияга жана айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнө жүктөлсүн.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Н.Ибраимов**